## Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун

## №19 ЧЕЧИМИ

15.11.2024-жыл Таш-Көмүр шаары

Таш-Көмүр шаардык ички иштер бөлүмүнүн 14-ноябрь 2024-жылдагы №28-8/2295 жолдомо каты менен келген материалдарды кароо жөнүндө.

2024-жылдын 14-ноябрында Таш-Көмүр АШКна, Таш-Көмүр шаарынын Спортивная көчөсүнүн №13 үйүнүн тургуну Кудаяров Анарбектин интернет булактарына, Таш-Көмүр шаардык кенешинин депутаттыгына «Жаштар» саясий партиясынан талапкерлер Т. Малабековдун жана С.Кудайбердиевдин ар намысына жана кадыр баркына шек келтирген маалыматтарды жайылтуу боюнча материалдар келип түшкөн.

Алсак, Таш-Көмүр ШИИБдин МЭЖне 2024-жылдын 12-ноябрында № 02-045-2024-000693 саны менен тергөөгө чейинки териштирүү материалы катталгандыгы аныкталган.

Таш-Көмүр шаардык ички иштер башкармалыгынан алынган маалыматка караганда, 2024-жылдын 12-ноябрында Таш-Көмүр шаарынын Шопоков көчөсүнүн 25-1 үйүнүн тургуну, Таш-Көмүр шаардык кенешинин депутаттыгына талапкер Малабеков Таалайбек Ыманбекович арыз менен кайрылып, анда 2024-жылдын 12-ноябрында Таш-Көмүр шаарынын Спортивная көчөсүнүн №13 үйүнүн тургуну 1946-жылы туулган Кудаяров Анарбек интернет булактарына, Таш-Көмүр шаардык кенешинин депутаттыгына «Жаштар» саясий партиясынан талапкерлер Т. Малабековдун жана С.Кудайбердиевдин ар намысына жана кадыр баркына шек келтирген жалган маалыматтарды таркаткандыгын айтып, видео кайрылуу жасаган А.Кудаяровго карата мыйзам чегинде чара көрүп берүүнү суранган. аталган арыз боюнча тергөөгө чейинки териштирүү иштери жүргөн. Текшерүүнүн жүрүшүндө А.Кудаяровдун видео кайрылуусу боюнча тиешелүү материалдар чогултулуп, Кыргыз Республикасынын ИИМдин МТББ соттулуулугу жөнүндө тактамаларына ылайык, 1968-ж.т. Малабеков Талайбек Ыманбекович жана 1985-ж.т. Кудайбердиев Сагынбек Токтосунович кылмыш жоопкерчилигине тартылбагандыгы жана депутаттыкка талапкер болуп тиешелүү текшерүүлөрдөн өтүп катталгандыгы аныкталган. Андыктан А.Кудаяровдун аракетинде Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” кодексиинин 66-беренесинде көрсөтүлгөн укук бузуулар аныкталган.

Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” кодексинин 455-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шайлоо комиссиялары ушул Кодекстин 60–62, 64–69-беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт деп көрсөтүлгөн.

Андыктан Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга укуктуу.

А.Кудаяровго карата талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалыматтарды жайылтуу үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” кодексинин 66-беренесинде каралган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын “Укук бузууулар жөнүндө” кодексинин 455-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-21-беренелерин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №41 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Таш-Көмүр шаарынын тургуну Кудаяров Анарбектин өзү жоктугу эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаарынын Спортивная көчөсүнүнү №13 үйүнүн тургуну Кудаяров Анарбеке карата Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” кодексинин 66-беренесине ылайык чечим кабыл алуу үчүн КР БШКсынын Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясындагы атайын өкүлүнө жөнөтүлсөн.
3. Бул чечимдин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.
4. Чечимдин аткарылышын камсыз кылуу жагы Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Г. Ашировага жүктөлсүн.

Таш-Көмүр АШКсынын төрагасы: А.Уметбеков

Таш-Көмүр АШКсынын катчысы: Г.Аширова